***Сыдыков А.Н.**, филология илимдеринин доктору,*
*К.Карасаев атындагы БГУнун профессору*

# КЫРГЫЗ АЛФАВИТИН РЕФОРМАЛОО ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

*Макалада кыргыз алфавитинин бүгүнкү акыбалы, ошондой эле кандай кемчиликтер кеткен жана аларды кантип оңдоо керек экендиги жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:** алфавит, тамга, тыбыш, жазма, кириллица, "урун", латын, араб, тил, эреже.*

*В статье рассматривается сегодняшнее состояние кыргызского алфавита, а также какие ошибки были допущены и как их надо исправлять.*

***Ключевые слова:** алфавит, буква, звук, письменность, кириллица, "урун", латинский, арабский, язык, орфография.*

Дүйнө жүзүндө бардык элдерде алфавитти реформа кылуу 3 багытта жүрүп келген:

**Биринчиси**, жана негизгиси – тилин жана элин сактап калуу багыты.

**Экинчиси**, бийлик жана байлык элитасы өз элин маңкурт кылуу багыты (алибетте, мындай учурларда сырткы күчтөрдүн таасири чоң болгон).

**Үчүнчүсү**, метрополиянын колониялдык элге өз алфавитин, жазмасын, керек болсо тилин таңуулоо максатында жүргүзүп келген багыты.

Алфавитти реформа кылуу дүйнөлүк тил илиминде кеңири орун алган прогрессивдүү же регрессивдүү көрүнүш болгон. Мисалга алсак, орустар мындан миң жыл мурун (Киевская Русь) *кириллицага* өткөндө регрессивдүү көрүнүш болгон, анткени ага чейинки "урун тамгасы" менен жазылган 6 миң жылдык тарыхы жок кылынган. Россия XVIII кылымда гана прогрессивдүү жолго түшө баштаган (М. В. Ломоносов, Российская грамматика, 1755 г.).

Кыргыз эли да миң жылдай мурун, Карахан доорунда, ушундай эле окуяга дуушар болгон. Айырмасы: орустарга латын тамгаларынын негизинде Библияны окутуу үчүн *кириллица* таңууланган болсо, кыргыздарды ислам дининин алкагында кармап туруу үчүн *араб тамгасы* таңууланган. Экөөнүн тең максаты бирдей: улуттун тарыхый эс-тутумун жоготуп, өздөрүнө баш ийдирип алуу. Бүгүн да бул көрүнүш кеңири жайылып бара жатат.

Мына ушул өңүттөн алып караганда кыргыздардын жазма салты болгонбу же болгон эмесли деген талаш бүгүнкү күнгө чейин уланып келет. Бул суроонун ичинде "эгерде жазмасы болсо, анда кайсы тамгаларды колдонгон" деген ой бүтүм турат. Түркологдор бир оздон кыргыздын тамгасы болгон, демек жазмасы да болгон деген тыянакка келишкен. Буга мисал катары ташка чегилип, бүгүнкү күнгө чейин жеткен *урун* (орусча: руны) тамгаларын, андан кийин араб графикасынын негизинде жазылган Ж. Баласагандын, М. Кашгардын ж.б. эмгектерин келтиришет [1; 2; 6; 11].

Э. Р. Тенишевдин теориясы боюнча байыркы түрк орхон-енисей жазууларынын тили – бул жазуу тараган жерлердеги уруулардын оозеки сүйлөшүү тилдери менен катар жашаган кандайдыр бир өлчөмдө жалпылыкка ээ жазма адабий тил [10].

Ал эми маданият таануучулар, тарыхчылар, саясатчылар европалыктардын көз карашына таянып, кыргыздардын жазма салты болгон эмес деген жыйынтык чыгарышат. Европалык окумуштуулар XIX кылымда америкалык индеецтердин, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн элдеринин маданиятын изилдеп чыгышып, "жазмасы жок" (демек, тамгасы да жок) деген бүтүм чыгарышкан. Ошонун ичине кыргыз элин да киргизишкен [4].

Бул ой бир жагынан алганда туурадай көрүнүп турат. Анткени, Европа өлкөлөрүнүн артыкчылыгы калыптанган жазма салтынын негизинде акын – жазуучуларынын, окумуштууларынын, динтаануучуларынын эмгектери сакталып калышында жана өнүгүүгө өбөлгө түзүлүшүндө.

Экинчи жагынан алып караганда ошол эле Европанын окумуштууларына жана саякатчыларына Орхон-Енисей, Талас эстеликтериндеги ташка чегилген жазуулар, башкача айтканда, *урун* тамгалары (V-VIII к.), араб тамгасынын негизинде жазылган Ж. Баласагындын, М. Кашгардын (XI к.),Захриддин Бабурдун, Алишер Навоинин (XV–XVI к.), Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын, Тоголок Молдонун (XIX к.) ж.б. чыгармалары белгисиз болгон.

Демек, кыргыз элинин илгертен эле жазмасы да болгон, тамгасы да болгон деген жыйынтык чыгарууга болот.

Тилекке каршы, V–VIII кылымдарда пайдаланылган *урун* тамгалары биздин заманга чейин жеткен жок. Себеби, Орто Азия элдери, ошонун ичинде кыргыз эли, ислам динин тутуна баштагандыгына байланыштуу араб тамгаларын колдоно башташкан. Жазуу эрежелерине араб тилинин, өзгөчө фарсы адабий тилинин тийгизген таасири зор болгон. Мисалы, X-XI кылымдарда өмүр сүргөн Рудаки, Фирдоуси, Омар Хайям сыяктуу улуу акындар өз чыгармаларын араб графикасы менен жазышкан.

Жыйынтыгында, түрк тилдеринин, айрыкча кыргыз тилинин тыбыштык, сөз айкаштык өзгөчөлүктөрүн билдире албаган чалагайым "чагатай" жазмасы келип чыккан.(Чагатай –XIII кылымдагы Орто Азиянын өкүмдары, Чыңгызхандын экинчи уулунун аты – А.С.). Бул жазманы кыргыздар XX кылымга чейин колдонуп келишкен.

1924-жылы араб алфавити белгилүү өлчөмдө кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайыкташтыруу менен кайрадан иштелип чыккан. Бул реформанын негизинде туңгуч улуттук газетабыз "Эркин Тоо" жарык көргөн жана жазма адабий тилибиздин калыптанышына биринчи кадам ташталган. Бирок араб афавити кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн толук ча-

гылдыра алган эмес, айрыкча, кыска үндүүлөр менен созулма үндүүлөрдүн айрымасын араб тамгалары менен берүү кыйла кыйынчылыктарды жараткан.

Коммунисттик партия ошол кезде эле СССРдин (Союз Советских Социалистических Республик) аймагында жашаган бардык элдерди “формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик” аттуу утопиялык коомду курууга бириктирүү максатында иш жүргүзө баштаган. Россия падышачылыгынын мурунку колониялары автономиялык же социалисттик республика болуп жарыяланып, көпчүлүгүнүн, өз жазмасы болбогондугуна байланыштуу *кириллицага* өткөзүү демилгеси колдоого алынган. Бул талкуу Кара-Кыргыз автономиялык областында 1925-жылы башталган. Бирок түрк тилдүү элдердин басымдуу көпчүлүгү *латын* тамгасын колдонууну ылайык көрүшкөн. Бул чечим 1926-жылы Бакы шаарында өткөн конференцияда кабыл алынган.

Ошентип, 1928-жылы латын графикасына өтүү прогрессивдүү көрүнүш болгон. Элдин сабатсыздыгы жоюлган, окуу китептери жазылган, жазма адабиятыбыз калыптанган. Латын тамгалары кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө дээрлик жооп берген. Тилекке каршы, саясый окуяларга байланыштуу латып жазмасып сактап кала албадык.

Большевиктердин дүйнөлүк революция жана коммунизди куруу идеясын ишке ашырууга бөгөт болууда деген шылтоо менен дин жолунда жүргөндөр (ал кезде бүгүнкүдөй ашкере динчилдер деле жок эле – А.С) же жөн эле күнүмдүк турмушунда араб тамгаларын колдонгондор “панисламисттер” деп аталып, латын графикасы менен жазып, түрк элдери бириндикте бололу деген идеяны жактагандар “пантүркисттер” деп каралланып, куугунтукка алына баштаган. Аягы 1937–1938-жылдары “эл душмандары” деген жалган жалаа жабылып, кандуу репрессия менен бүткөндүгү элдин жүрөгүндө кетпес так болуп кала берди.

Мына ошол “коммунизмди куруу экспериментин” ишке ашыруу үчүн орус тили идеологиялык курал катары пайдаланылган. Советтер Союзу деген мамлекеттик атоону түшүндүргөн сөз айкашынын негизинде *совет эли* аттуу саясый-этникалык термин пайда болгон. Демек, СССРдин чөлкөмүндө жашаган бардык элдер (ошонун ичинде орус эли да) өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүгүн, тарыхый эс-тутумун жоготуп, *совет эли* деп аталышы керек эле. Атап да жүрдүк, 1991-жылга чейин. Бул дүйнөлүк геосаясатта дайыма колдонулуп келген тажрыйба. Салыштырып көргүлө: Америка Кошмо Штаттарында англис тилинин уюткусунда пайда болгон термин - *америка эли,* Рим империясында латын тилинин базасында - *урумдуктар* (римляне), Осмон дөөлөтүндө түрк тилинин негизинде - *осман дили,* Орто Азияда – *чагатай* тили ж.б.д.у.с. (Кыстырма: бүгүнкү күндөрү паспортубузга “улутубузду жазбай эле койбойлубу” деге сөз ошол сасытка саясаттын саркындылары – А.С).

1939–1940-жылдары узак талкуудан кийин Кыргыз тили менен жазуусун илимий изилдөө институту тарабынан (1936-жылы негизделген) И.А. Батманов, А. Токомбаев, Ж, Шүкүров, К.К. Юдахин сыяктуу окумуштуулардын, жазуучулардын, коомдук ишмерлердин түздөн-түз катышуусу аркылуу даярдалган кыргыз жазуусун орус графикасына (же кириллицага) өткөзүү жөнүндөгү долбоор Кыргыз ССРинин Компартиясынын Борбордук Комитетине сунушталган. 1941-жылы январь айында долбоор Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 4-сессиясында талкууланып, кыргыз жазуусун жаңы алфавитке өткөзүү жөнүндө Закон кабыл алынган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму 1941-жылы 12-сентябрда жаңы алфавиттин эрежелер жыйнагын, 1953-жылы 30-майда жазуу эрежелеринин такталган жаңы текстин атайын Указ менен бекиткен [7].

Анда орус алфавитинин бардык тамгалары пайдаланылсын жана мурунчул *ң* менен эринчил *ө, ү* тыбыштары орус тилинде жок болгондуктан кошумча тамга катары киргизилсин деген чечим кабыл алынган.

Кыргыздар айтмакчы, ээрге отурганда эле кыйшык отургансыз. Талдап көрөлү. Эмне үчүн жогоруда аталган тыбыштардай эле орус тилинде жок, бирок өз алдынча фонемалык касиети бар *Қ қ* жана *Ғ ғ* тамгалары алфавиттин курамына кирбей калган?

К.К. Юдахин, К. Карасаев өңдүү авторлор кыргыздар үндөштүк законуна ылайык ансыз деле жоон үндүүлөр (*а, о, у, ы*) келген сөздөрдө *қ* тыбышын кыйналбай эле айтышат, ошон үчүн алфавитке ашка жүк башка жүк кылбай бир эле тамганы (к) калтыралы деген сунушун таңуулашкан. Бул пикир бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Башка түрк элдери, мисалы, казактар, өзүбектер, азербайжандар, балкарлар, карачайлар айтылган тамганы өз алфавитинде сактап калышкан [6; 11].

Алфавиттин долбоорун даярдагандар тарабынан кыргыздын түпчүл *Қ, Ғ* жана *К, Г* тыбыштары эки башкача жасалары, бөлөк үнсүздөрдө мындай касиет жок экендиги, тилдин сингармонизм (үндөштүк) законун так ушул аталган үнсүздөр кармап турары, оозеки чыгармачылыкта кеңири кездешкен тыбыш экендиги (айрыкча, “Манас” эпосун айтууда), түпкүрдөн бери келе жаткан сөздөрүбүздүн айтылуу эрежесин сактап калуу керек экендиги сыяктуу жүйөлүү себептер эске алынган эмес. Анын үстүнө жазуу эрежеси сөзсүз түрдө айтылуу эрежесине таасирин тийгизери анык эмеспи [9].

Орус алфавитинин кээ бир тамгалары, мисалы, *в, ъ, ю, ь, щ, ф, ц* кабыл алынган сөздөрдү жазууда пайдаланылат деген эреже киргизилет дагы, *я, ё, е, ю* тамгаларынын статусу такталбай кыргыз тилинин төл сөздөрүн жазууда колдонууга жол берилет.

Жазууда *а, о, у, э* үндүү тыбыштары *й* тыбышанан кийин келсе, *я, ё, ю, е* (М.: аяк, туюк, кием, коён ж.б), созулма *оо, уу* үндүүлөрү *й* тыбышынан кийин келсе, *ёо, юу* түрүндө жазылат (М.: боёо, баюу ж.б.) деген эреже киргизилет [5; 6; 8].

Жыйынтыгында, морфологиялык принцип бузулуп, көп сөздөрүбүздү уңгу-мүчөгө ажырата албай калдык. Мисалы, эреже боюнча: *таята,* туурасы: *тайата* – бул сөз эки уңгудан турары балага деле түшүнүктүү болуп турат. Ошондой эле, баюу-байуу, тоюу, тойуна, тойума, киет-кийет, (салыштыр: кийим, кийем, кийесиң, байыймым, байыйсың, байыйт ж.б). Бул эрежени киргизүүдө авторлор араб, фарси, татар тилдерин билгендиги жана ошол тилдердин эрежелерин пайдалангандыгы байкалып турат.

Орус тилинде аталган тамгалар ***j*** (йот)тыбышы аркылуу айтылып, үнсүздөрдүн жана үндүүлөрдүн жумшарып кетүүсүн шарттайт. Мисалы: дядя, тетя [транскрипцияда: [д“адь], [т“оть]. Ошол үчүн бул тыбыш өзүнчө тамга катары орус алфавитине киргизилген эмес.

Ал эми кыргыздар жасалуу орду боюнча эки башка фонеманы, тактап айтканда, *j* тыбышы менен *й* тыбышын жаңылыш алмаштырып алышкандыктан "йоттошкон тамгалар" жөнүндө талаш бүгүнкү күнгө чейин уланып келет.

Орустар жумшак үнсүздөрдү туура жазуу жана айтуу үчүн *ь* (ичкертүү) жана *ъ* (ажыратуу) белгилерин алфавитке кошумча тамга катары киргизишкен. М.: мать, подъезд, беречь, съезд ж.б.

Кыргыз тилинин жазуу эрежесин түзүүдө орус тилинин мындай өзгөчөлүгүн "билбей калуу" да таасирин тийгизген. Анткени биз жумшак үнсүз деп "звонкий" (б, в, г, д, з) үнсүздөрдү түшүнүп алганбыз [3].

Орус тилинде дагы бир эреже бар: сөздүн башында Э жазылат, башка жерлеринде *е* колдонулат деген. Бул эрежени да кыргыз тилине түздөн түз которуп алганбыз. Айрыкча, *е* тамгасы же кыска үндүүлөрдүн санында жок, же созулма үндүүлөрдүн санында жок, бирок, ичке үндүүлөрдүн катарында кеңири колдонулууда.

XX кылымдын 50–70-жылдарында мектептерибиз, институттарыбыз көбөйүп, Илимдер Академиясы ачылып, дүйнөгө таанылып, *кириллица* кыргыз эли үчүн прогрессивдүү ролду ойной баштады. Кыргыз тилине мүноздүү эмес, кээ бир тыбыштарды (в, ф, я, ю, ё) өздөштүрө алдык. Бул биздин байлыгыбыз. Бирок, шашылыш кабыл алынган алфавитте кемчиликтер да калды. Бүгүнкү күнгө чейин талаш маселелерди туудуруп келе жаткан көрүнүштүн тамыры 1941-жылы сентябрь айында кабыл алынган жазуу эрежесинде.

Жогоруда айтылган кемчиликтерди жоюу биздин ыйык милдетибиз. Демек, кыргыз алфавитин реформа кылуу зарыл деп эсептейбиз.

**Реформанын максаты**: XIX–XX кылымдарда сүйлөгөн тилибизди элибиздин эс-тутумунда сактап калуу жана адабий тилибизди мындан ары жаңы баскычка көтөрүү жана өнүктүрүү.

**Биринчиден**, кыргыз тилинин колорити, өзгөчөлүгү сакталып калат.

**Экинчиден**, жазуу эрежесинин (орфографиянын) фонемалык, морфологиялык, тарыхый (же салттуу) принциптери толугу менен ордуна келет.

**Үчүнчүдөн**, көөнө кыргыз тилинин сөздөрү бузулуп жазылууга жана айтылууга дуушар болбойт.

**Төртүнчүдөн**, бирден бир байлыгыбыз "Манас" эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармаларыбыз, акын-жазуучуларыбыздын, окумуштууларыбыздын эмгектери оригиналда кандай болсо так ошондой айтылып, окулуп, жазылып, транскрипцияланып дүйнөгө таанылып турат.

**Бешинчиден**, 150 жылдан бери кириллица менен жазылып жыйналган миллиондогон тонна байлыгыбыз келечек муун үчүн ошол бойдон сакталып калат.

**Алтынчыдан**, техникалык жактан аткаруу эч кандай татаалдыкты түзбөйт.

**Жетинчиден**, башка графикага өтөбүз десек, бүгүнкү күнгө чейин топтогон байлыгыбыз архивде чаң басып, окумуштуулардын гана прерогативасы болуп калат.

Ой толгоо. Экономикалык жактан алып караганда мамлекеттик бюджетке чоң жүк болбойт.

Убакыт жагынан алып караганда процесс 15–20 жылдын ичинде аяктайт.

Саясый жагынан алганда элибиз башка өлкөлөрдүн, өзгөчө түрк тилдүү өлкөлөрдүн (Түркия, Өзбекстан, Казахстан) таасиринде калбайт жана сиңип кетпейт (мисалы, Армения жана Грузия өз алфавитин сактап калуу менен бирге улуттук иденттүүлүгүн да сактап кала алышты). Орус тили тарабынан таңуулоо же сиңирип кетүү коркунучу жок.

Идеологиялык жактан алганда элди эл катары кармап турууга чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт, мамлекеттин кызыкчылыгына доо кетпейт. Андан тышкары, келечек муундарга эч качан колдонуудагы тамгаларыбызды бөтөн элдердин тамгаларына (мисалы: латын, араб ж.б) алмаштырбагыла деген мурас калтырышыбыз керек.

**Сунуш**: азыркы кыргыз алфавитин 2 (эки) топко бөлүү керек. 1- топ 28 тамгадан турат. ***Ққ*** жана ***Ғғ*** тамгалары алфавитке киргизилет. 2 – топко Вв, Ее, Ёё, Жж, Фф, Цц, Щщ, ъ, ь, Юю, Яя – баары 11 тамга кирет да алфавиттин аягында өзүнчө жайгаштырылат. Реформанын экинчи этабында кабыл алынган тамгаларга ылайыктуу жазуу эрежеси кайра каралып чыгат.

## Долбоор

### Кыргыз тилинин алфавити

**1**. Кыргыз тилиндеги тыбыштар 36 тамга менен белгилепет:

Аа, Бб, Вв, Гг, Дд, Ее, Ёё, Жж, Зз, Ии, Йй, Кк, Лл, Мм, Нн, ң, Оо, Өө, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Фф, Хх, Цц, Чч, Шш, Щщ, ь, Ыы, ъ, Ээ, Юю, Яя.

**2**. Бул тамгаларды шарттуу түрдө 2(эки) топко бөлүүгө болот:

1) топ: Аа, Бб, Гг, Дд, Жж, Зз, Ии, Йй, Кк, Лл, Мм, Нн, ң, Оо, Өө, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Хх, Чч, Шш, Ыы, Ээ – баары 26 тамга. Аталган тамгалар кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө толук жооп бере албайт.

2) топ: Вв, Ее, Ёё, Жж, Фф, Цц, Щщ, Ъ, ь, Юю, Яя – баары 11 тамга. Бул тамгалар чет тилдерден кирген сөздөрдү жазууда гана колдонулат. Булардын ичинен - Ее, Ёё, Юю, Яя (йоттошкон тамгалар) – чет тилдерден келген сөздөр менен катар кыргыз тилинин сөздөрүн жазууда да колдонулуп жүрөт. Эреже аркылуу чек коюу керек.

*Эскертүү:* ***Ее*** *жана* ***Жж*** *тамгалары өзгөчө статуска ээ. Ошондуктан талкууну талап кылат.*

**3**. Кыргыз тилиндеги ***Қ қ*** (кы) жана ***Ғ ғ*** (гы) тыбыштары өзүнчө тамга менен белгиленген эмес. Бул тамгаларды сөзсүз түрдө алфавитке киргизүү керек.

### Сунуш:

**4**. Кыргыз тилинин алфавитин 2 (эки) топко бөлүү сунушу киргизилет:

1) топ – кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө толук жооп бере турган тамгалар:

Аа, Бб, Гг, Ғ ғ (гы), Дд, Жж (дж), Зз, Ии, Йй, Кк, Қ қ (кы), Лл, Мм, Нн, ң, Оо, Өө, Пп, Рр, Сс, Тт, Уу, Үү, Хх, Чч, Шш, Ыы, Ээ – баары 28 тамга.

2) топ – Вв, Ее, Ёё, Жж, Фф, Цц, Щщ, ъ, ь, Юю, Яя – баары 11 тамгадан турат да чет тилдерден кирген, бирок кыргыз тилинде кеңири колдонулуп жүргөн сөздөрдү жазууда пайдаланылат. Мисалы: *вагон, телевизор, жюри, фабрика, цемент, борщ, съезд, тюль, юрист, химия, Владимир, Яковлев, Москва, Ярославль, ж.б.*

*Эскертүү: кыргыз тилинин төл сөздөрүн жазууда колдонулбайт.*

**5**. 1 - топтун тамгалары жазуу эрежелери менен такталат.

2 - топтун тамгалары орус тилинин эрежесине ылайык колдонулат.

*Эскертүү*: 2 топ тең алфавиттин корунда калат, бирок эки башка саналат жана окутулат.

***Адабияттар***

1. Акматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского языка. – Фрунзе, 1970.

2. Батманов И.А. Современный киргизский язык. Часть 1. Фонетика. – Фрунзе, 1970.

3. Грамматика киргизского литературного языка. – Фрунзе: Илим, 1987.

4. Данияров С.С. Становление киргизской советской культуры (1917-1924). Фрунзе, 1983. – С. 60.

5. Карасаев Х.К. Орфографиялык сөздүк. – Ф: Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1983. – 576 б.

6. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2009: - 640 б

7. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы: Энциклопедия / Башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Ф: Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1983. – 496 б (353-356 б).

8. Мусаев С.Ж. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Прак.-колдонмо. – Б., 2004.

9. Сыдыков А.Н. Сопоставительная фонетика русского и киргизского языков: Уч. пособие для студентов-филологов. – Б.: БГУ, 2006. – 148 с.

10. Тенишев Э.Р. Древнекыргызский язык: Б.: Кыргызстан, 1997. – 56 с.

11. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. М., 1965.